**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**

№1/2026, 314-324

***ФИЛОЛОГИЯ***

**УДК:** 821.514.22.09

**DOI:** 10.52754/16948610_2026_1_22

# МУХТАР БОРБУГУЛОВДУН “МАНАС” ЭПОСУНУН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНА БАЙЛАНЫШКАН КӨЗ КАРАШТАРЫ

ВЗГЛЯДЫ МУХТАРА БОРБУГУЛОВА НА ПРОИСХОЖДЕНИЕ ЭПОСА «МАНАС»

MUKHTAR BORBUGULOV'S VIEWS ON THE ORIGIN OF THE EPIC "MANAS"

**Табалдиева Медергүл Турдумаматовна**
*Табалдиева Медергүл Турдумаматовна*
*Tabaldieva Medergul Turdumamatovna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
medya.81@mail.ru

# МУХТАР БОРБУГУЛОВДУН “МАНАС” ЭПОСУНУН КЕЛИП ЧЫГЫШЫНА БАЙЛАНЫШКАН КӨЗ КАРАШТАРЫ

**Аннотация**

Аталган макалада Мухтар Борбугуловдун “Манас” эпосунун генезисине байланышкан маселеге карата гипотезалары берилет. Аны изилдөөдө түрк тилдүү элдердин жана дүйнө элдеринин фольклорунун контекстинен салыштырып талдоого аракет кылган. Башкача айтканда ал өзүнө чейинки окумуштуулардын көз караштарын салыштырып, алардын негизинде өзүнүн илимий жыйынтыгын чыгарган Бул – анын изилдөөлөрүнүн күчтүү жагы, анткени ал «Манас» эпосун дүйнөлүк эпикалык мурастын контекстинде караган. “Манас” эпосунун келип чыгышына байланышкан бир топ изилдөөлөр ар түрдүү аспектиде жана ар түрдүү көз караштан каралгандыгына карабастан Мухтар Борбугулов дагы башка ракустан карагандыгы белгиленип, илимий изилдөөлөрүнө талдоо жүргүзүлдү. Эмгекте эпостогу каармандардын образы көөнө түшүнүктөрдөн тартып, бүгүнкү күнгө чейинки изилдениш абалы эволюциялык планда салыштырылып изилденген. Ошондой эле, эпостордон конкреттүү мисалдар келтирилип, окшош деталдарга, сюжеттик окшоштуктарга кайрылгандыгы белгиленди. М. Борбугулов эпостун келип чыгышын мифологиялык негиздер менен байланыштырган, айрыкча ал Манастын образын космостук, мифтик түшүнүктөр менен (Күн, Ай символдору) байланыштырып, Манас – же Күн менен Айдын өзү, же алардын туундусу деген идеяны карманган. Ал эпосту жөн гана тарыхый чыгарма катары эмес, байыркы дүйнө таанымдын, мифологиянын жана көркөм ой жүгүртүүнүн жыйынтыгы катары кароого чоң салым кошкон.

***Ачкыч сөздөр:*** “Манас” эпосу, дүйнөлүк адабият, Мухтар Борбугулов, генезис, фольклор

***Взгляды Мухтара Борбугулова на происхождение эпоса «Манас»***

**Аннотация**

В статье представлены гипотезы Мухтара Борбугулова по вопросу происхождения эпоса «Манас». В своих исследованиях он пытался проанализировать его в контексте фольклора тюркоязычных народов и народов мира. Иными словами, он сравнивал взгляды своих предшественников и на их основе делал собственные научные выводы. Несмотря на то, что многие исследования происхождения эпоса «Манас» рассматриваются с разных сторон и точек зрения, было отмечено, что Мухтар Борбугулов также подошёл к этому вопросу с другой стороны, и его научное исследование было проанализировано. В работе сравнивалась эволюция образа героев в эпосе от античных представлений до наших дней. Также было отмечено, что были приведены конкретные примеры из эпосов, указывающие на сходство деталей и сюжетных линий. Исследования Мухтара Борбугулова можно считать одной из новых научных гипотез, объясняющих происхождение эпоса «Манас». Он внес большой вклад в рассмотрение эпоса не просто как исторического произведения, но как результата древнего мировоззрения, мифологии и художественного мышления.

***Ключевые слова:*** эпос «Манас», мировая литература, Мухтар Борбугулов, генезис, фольклор

***Mukhtar Borbugulov's Views on the Origin of the Epic "Manas"***

**Abstract**

This article presents Mukhtar Borbugulov's hypotheses on the origins of the Manas epic. In his research, he attempted to analyze it within the context of the folklore of Turkic-speaking peoples and peoples of the world. In other words, he compared the views of his predecessors and based them on his own scientific conclusions. This is the strength of his research, as he examined the Manas epic within the context of global epic heritage. Although many studies of the origins of the Manas epic examine it from different angles and perspectives, it was noted that Mukhtar Borbugulov also approached this issue from a different perspective, and his research was analyzed. The work compared the evolution of the epic's heroic image from ancient times to the present day. It was also noted that specific examples from the epics were cited, highlighting similarities in details and plot lines. Mukhtar Borbugulov's research can be considered one of the new scientific hypotheses explaining the origins of the Epic of Manas. He made a significant contribution to the understanding of the epic not simply as a historical work, but as a product of ancient worldviews, mythology, and artistic thought.

***Keywords:*** Manas epic, world literature, Mukhtar Borbugulov, Genesis, folklore

**Киришүү**

Кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы, улуттук сыймыгы болгон «Манас» эпосу анын поэтикасы, стили, образдар системасы, темасы менен идеясы, тилдик каражаттардын колдонулушу жана башка маселелер көп мезгилден бери тереңден изилденип келет. Тилдик, тарыхый, этнографиялык аспектиде да текстологиялык, типологиялык, теориялык изилдөөлөрдүн да баасы берилип келди. Бирок эпостун келип чыгышы жөнүндөгү маселе олуттуу, али изилдөөнү талап кылган маселе бойдон калууда. Ошондуктан, эпостун келип чыгышын изилдеген изилдөөчүлөр бүгүнкү күндө деле абдан эле көп десек да болот. XIX кылымдын орто ченинде кыргыз эпосун биринчи жолу кагазга түшүргөн казак окумуштуусу Ч.Валиханов баштаган улуу ой ушул күнгө чейин түрдүү багытта, түрдүү ой жүгүртүүдө иликтенип келет. Ошондой изилдөөнүн бири, эң кызыктуусу, ары татаалы Мухтар Борбугуловдун «Манас» эпосунун келип чыгышы тууралуу изилдөөсү десе болот. Буга чейин бүт окурман журтчулугу Мухтар Борбугуловду тамсилчи, сынчы, жазуучу катары билип келишкен болсо, «Манас» эпосу жөнүндөгү бул илимий изилдөөсү окумуштуудагы ачыла элек мүмкүнчүлүктүн бар экенин далилдеп салды. Аталган эмгек окумуштуунун «Манас» эпосунун генезиси боюнча ушул күнгө чейинки белгилүү окмуштуулардын (Б.М. Юнусалиев, В.М. Жирмунский, П.Е. Берковдун ж.б.) пикирин улаган, толуктаган жаңы гипотеза экендиги анык (Абдиева, Төлөгөнова, 2023, 112-113).

**Изилдөөнүн методдору менен материалдары**

Мухтар Борбугуловдун “Манас” эпосу: башаттары, эволюциясы” (2004) эмгеги он бир бөлүктөн турат. Окумуштуунун эмгегинин эң башкы бөлүмү “Манастагы” архаикалык мотивдердин издери” деп аталат. Мотив бул тигил же бул окуянын келип чыгышына түрткү болгон өбөлгө, себепкер деп түшүнөөрүбүз белгилүү, ал эми окуялардын архаикалык мотивдерин кайдан таап, кантип ынандыраарына көз жүгүртүп көрчү болсок изилдөөчүнүн автордун манас таануучулук, окумуштуулук табиятын байкоого болот. Адегенде автор Ч. Валиханов жазган вариантта Манастын сүрөттөлүшүнө көңүл бурган:

*Каны бир кара, бети көк,*

*Боору чаар, сырты көк,*

*О, мына жалы көгала сарыгер эле.*

*Баатыр бир Манас сурасаң,*

*Көкжал бир дөбөт бөрү эле.*

Окумуштуу бул көрүнүштөн түстүн, башкача айтканда көк түстүн кайталанышы кокустук эмес, байыркы кыргыздар, жалпы эле түрк тилдүү элдер бул түстү ыйык тутуп келишкенин эскертип, ал гана эмес «айрым түрк уруулары өздөрүн «көк түрктөр» деп аташкан», - дейт. Анын далили катары Көк теңирге сыйынуу ишеними байыркы элде адаттан тыш болбогондугун эскерет; «Космостогу турмушту, асман денелеринин мамилелерин да жердеги адам турмушу жана алардын мамилелери түрүндө элестеткен адам учу-кыйыры жок Көктүн «төбөсү ачык» жогору жагын анын бети катары элестетип, анан аны көп учурда чулгап алган чамбыл ала булутту көрүп, Теңирдин «боору чаар» катарында элестеткен болушу ыктымал», - деген олуттуу гипотезаны айтат. Бул айтылган пикирди жөн салды олдоксон жыйынтык дегенге болбойт (Байгазиев, 2014). Анткени, изилдөөчү пикирин андан ары тереңдетип, байыркы адамдардын түшүнүгүндө асман денелеринин ичинен (Ай, Күн,

Жылдыз) эң күчтүүсү жана адамзатка жакыны жана пайдалуусу, жарык менен жылуулук берүүчү Күн болгондуктан "күндүн көзү" деген деген түшүнүк пайда болуп, бул болсо күндү адамдаштыруунун же адамды күнгө окшоштуруунун алгачкы стадиясы деп белгилейт. Ошондой эле эгер «Гильгамеш" жөнүндөгү баяндагы Уту, грек мифологиясындагы чагылгандын кудайы Зевс-күлдүрөк, инди элинин эпосундагы Сурья ж.б кейипкерлер адам келбетине келип, эпостук чыгарманын катышуучусу болуп калганга чейинки жол кандай болсо, Манаста да дал ошондой жол менен өнүккөн мотив байкалаарын бышыктайт.

Андан ары бул бөлүмдө кыргыз элиндеги байыркы ишенимдер, Көктеңирге сыйынуу, тотемдик түшүнүктөр, анын ичинен бөрү тотеми тууралуу сөз болот. Окумуштуу "Манас" эпосунда кездешкен элементтерди архаикалык мифологиялык түшүнүктөр менен байланыштырат. Ал Манастын образынын калыптанышында байыркы космогониялык жана диний ишенимдердин элементтери бар экендигин белгилейт. Ошондой эле эпостогу "көк" түс жөнүндө айтканы жөн гана поэтикалык сүрөттөө эмес, ал байыркы түрк элдеринин Көктеңирге болгон сыйынуусу, ыйык көрүүсү эле. Анткени алгачкы эпостордун бири "Эр Төштүк" эпосунда да "көк" түскө маани бергенин мисал кылат

*Көк эренчи жамынып*

*Көк жолборстой чамынып,*

*Көк болот чокмор колго алып,*

*Көк тулпар санга бир салып* (Эр Төштүк).

Чынында эле тарыхый-этнографиялык маалыматтарга таянсак, байыркы түрк элдери асманды жана Теңирди ыйык деп эсептеген. Ошол үчүн "көк" түшүнүгүн ыйыктыктын, бийиктиктин символу катары колдонушкан. Манас баатырдын "көк жал", "бети көк", "сырты көк" деп сүрөттөлүшү баатырдын асман телолоруна тийешелүү эбегейсиз күч менен байланышта символдук мүнөзүн көрсөтүшү мүмкүн деген кызыктуу илимий жоромол чыгарат. Ошондой эле автор "боору чаар" деген мүнөздөмөнү байыркы адамдардын, байыркы түрктөрдүн асманды адамга окшош элестетүүсү мифологиялык ой жүгүртүүгө ылайык тариздейт. Анткени көптөгөн байыркы маданияттарда табият кубулуштарын антропоморфизм**,** башкача айтканда адамга окшоштуруу аркылуу түшүндүрүү кеңири тараган. Демек, асмандын булуттуу көрүнүшүн "чаар" өңгө салыштыруу да ошол байыркы түшүнүктөрдүн элементи болушу мүмкүн.

«Манас» эпосун изилдөөчүлөрдүн ичинен эпосту элдин мифтик жана эпикалык ой жүгүртүүсүнүн жыйындысы катары тааныган окумуштуу П.Н. Берковдун «Алтай эпосу жана «Манас» аттуу эмгегинде «Манастын» алгачкы мифологиялык түпкү теги жөнүндөгү ойду биринчилерден болуп козгоп, «Манас» эпосун Алтайлыктардын «Алып Манаш» менен байланыштырып, алтайлыктардын эпосу «Манас» эпосунун «сыныгы», «чачырандысы» катары белгилеген болсо, М. Борбугулов аны терендетип, сыртынан изилдөөнү максат кылбай жаңыча көз караштуу илимий ой жүгүртүүнүн чегинде концепциялап, Алтайлыктардын «Алып-Манашы» кыргыз «Манасынын» алгачкы варианты, болгондо да жүзгө жакын варианттын бир гана варианты деген далилдүү оюн ортого салат. Анткени Алтайлыктардын эпосу жомок стадиясынан ары көтөрүлбөй өнүгүшүн токтотконун эскертет.

Мындан тышкары М. Борбугулов Манастын образын күн кудайы менен байланыштырган изилдөөлөргө таянуу менен, эпостогу айрым саптарды Күн символикасы

менен түшүндүрүүгө аракет жасайт. Буга окшогон салыштыруулар дүйнөлүк эпосторду изилдөөдө кеңири колдонулган тажрыйба жана эпосту изилдөөнүн салыштырма-мифологиялык багытты деп эсептелинет. Чынында эле, дүйнөлүк мифологияда күн же асман кудайлары кийин адам кейпиндеги баатырларга айлангандыгы тууралу көптөгөн мисалдар учурайт, бирок Манасты түздөн-түз Күн кудайынын образы катары кароо толук далилденген теория деп айтууга болбойт. Муну эпостун келип чыгышына, Манас баатырдын образына байланышкан дагы бир илимий гипотеза десек болот.

Андан ары окумуштуу “Манас” эпосун алтайлыктардын “Алып-Манаш” эпосу менен салыштырып карап, алардын сюжетиндеги типологиялык окшоштуктарды ачып көрсөтөт. Алтайлыктардын «Алп-Манас» эпосу «Манас» эпопеясынын баштапкы, архаикалык варианты болуп эсептелээрин баштапкы вариант кийин гана тарыхый-социалдык шарттардын негизинде өнүгүп, кеңейген деген ойду карманат. Окумуштуу адегенде сюжеттик жана образдык окшоштуктарды мисал кылат. Башкача айтканда «Алп-Манаста» кездешкен мотивдер кийин «Манаста» кайра иштелип, кеңейтилгендигин көрүүгө болот. Экинчиден, мифологиялык негизи да окшош. Башкача айтканда Алп-Манас да Күндүн символу катары каралат, бул анын байыркы космогониялык түшүнүктөр менен байланыштуу экенин түшүндүрөт. Ошондой эле Орто Азия, Алтай фольклорундагы күнгө байланышкан символдор салыштырма мисал катары берилгендигин белгилөөгө болот. Негизи бул көз караш илимий жактан бир топ негиздүү, анткени эпостогу сюжеттик мотивдердин, образдардын жана символдордун трансформациясы салыштырма-тарыхый ыкмада аргументтүү берилген (Разак уулу, 2025, 12-б.).

Автор эпостордогу көөнө катмарларды “рудименттер” деп атап, көптөгөн доорлорду камтыган калыптануусунда жана оозеки табиятына ылайык андагы салттуу сакталган туруктуу сюжеттин өзгөчөлүгүнө көңүл бурат.

Изилдөөчү Манас баатырдын келип чыгыш тегин солярдык башталышка, башкача айтканда, Күнгө байланыштырат. Анын ою боюнча: “Алп-Манас”- (“Алып-Манаш”) кыргыз эпопопеясынын алгачкы варианты. Бул ойдун негиздүү экенинин бир ишенимдүү көрсөткүчү “Алп-Манаста аталган же белгиленген сюжеттик сызыктар жана образдар “Манас” эпопеясына трансформацияланып, кардиналдык турдө кайра иштелип киргендиги болуп эсептелет” (Борбугулов, 2004, 16-бет). Окумуштуунун оюн уласак, күн баштуу адамдардын сүрөтү Кыргызстандын Алай аймагындагы Саймалуу-Таш аскасында арбын учурайт. Бул байыркы адамдардын өздөрүн Күндүн балдары катары эсептөөсүнөн келип чыгуусу толук мүмкүн. Өткөн доорлордо ар бир байыркы адам өзүн чакан күн сымал элестетүүсү ыктымал. Бул зороастризм ишениминдеги көөнө дүйнөтаанымды билдирген аска-таш сүрөттөрүндө дүйнөнүн булуң-бурчтарынан табылган байыркы сүрөт жазууларда көп кездешет.

Эмгектеги Алп Манас белгилүү бир мезгилде жан-жаныбарга “өмүр берген” күндүн образы болсо, мифтик образ болсо бара-бара ал көп ирет өзгөрүп, кайра иштелип, тереңдеп жана кеңий берген, “Алып-Манаш” баатырдык жомок стадиясынан наркы өнүгүшүн токтоткон, ал “Манастын” алп баатырдык эпос деңгээлине өтө элек стадиясы болуп эсептелет деген пикир кызыгууну туудурат. Кандай болгон күндө да ой-чабыты, илимий арсеналы кең окумуштуунун гипотезасы азыркы күндө да актуалдуулугун жоготпой келе жатат.

“Алмамбеттин арманы” деген бөлүмдө эпостогу эң көөнө образдардын бири Алмамбет баатырдын архаикалуу бейнеси тууралуу сөз болот. Дүйнөлүк фольклордогу жердеги алгачкы адам, жалгыз адам темасы аталган образда берилет. Бирок убакыттын өтүшү менен ал пенделик парасатка чейин түшүрүлүп, тууган-уругу, жек-жааты, эли жок жалгыз, башкача айтканда коом ичиндеги жалгыздык темасына акырындап өткөндүгүн илимпоз туура баамдаган деген ойдобуз: “Эпостун көөнө варианттарында: “Кудай жалгыз, мен жалгыз”, - дегени анын космогониялык масштабда – дүйнө жаралгандагы жалгыздыгы жөнүндөгү мотивди кайталайт деп ой жүгүртүүгө негиз бар”, - дейт бул тууралуу окумуштуу (Борбугулов, 2004, 53-бет).

Ошондой эле “Манас” эпосундагы Алмамбеттин образын талдоодо, башка өңүттөн изилдөөгө аракет кылган. Башкача айтканда Алмамбеттин ички дүйнөсүнүн эволюциясын, трагедиялык мүнөзүн анын коомдогу ордун жана башка каармандар ортосундагы мамилесин илимий-философиялык өңүттө чечмелегенге жетишкен.

Эмгектеги автордун негизги артыкчылыгы Алмамбеттин образын жалгыздык мотиви аркылуу түшүндүрүүсү. Жалгыздык биологиялык эмес, социалдык жана маданий мүнөзгө ээ философиялык да категория, экендиги белгилүү. Тактап айтканда, Алмамбеттин өз элинен качып, бөтөн элге келиши, мусулман динине өтүшү анын “өз” жана “бөтөн” ортосунда калган тагдыры трагедиялуу тагдыр болчу. Ушуга окшогон жагдайлар каармандын трагедиясын жаратып, анын коомдо толук кабыл алынбашына жеткирген болчу. Автор каармандын социалдык статусу менен ички дүйнөсүнүн карама-каршылыгын ишенимдүү ачып берет.

Ошондой эле эпосто мифологиялык катмарлар терең иликтенип, Алмамбеттин образынын келип чыгышы байыркы түрк мифологиясы менен терең байланышта экендиги мисалдар менен аргументтештирилет. Айрыкча, каармандын “нурдан жаралышы”, Ай, Күн менен байланышы сыяктуу мотивдер байыркы түрк дүйнө таанымына тиешелүү болуп, каармандын бөтөнчө, символикалык табиятын ачып берет. Аталган көрүнүштөрдү негиздөө үчүн автор Кутбилим жана байыркы дастандар менен параллел карап, салыштырмалуу планда анализдейт.

Эпосто Манас баатыр менен Алмамбеттин образынын ортосундагы бөтөнчөлүк менен айырмачылыкты салыштыруу конкреттүү жана ийгиликтүү ишке ашкан. Манас баатыр жалпы журттун мыйзамдуу өкүлү, бийликтин ээси катары сүрөттөлсө, Алмамбеттин жеке сапаттары мыкты, жогору болгону менен, эл тарабынан, коом тарабынан кабыл алынбаган өксүк жери “келгиндиги”. Бул эпитет аны өмүр бою коштоп жүрүп отурат. Эпостогу бул айырмачылыкты уруулук-патриархалдык түзүлүштүн өзүнүн мыйзамченемдери менен түшүндүрүүгө аракет кылат. Башкача айтканда Алмамбет менен Чубактын чатагы аркылуу автор коомдогу урууучулук, колоттошуучулук аң-сезимдин үстөмдүгүн дилгир баамдап көрсөтөт. Чубакты эрдемситкен нерсе артында элинин бар экендиги, ал өзүнүн күчүн жана укугун уруусу, эли менен байланыштырса, Алмамбеттин артында кебин угуп, артынан ээрчиген эли жок. Ал андай колдоодон ажыраган. Ушундан улам Алмамбеттин жеке эрдиги жана ак кызматтары жетиштүү бааланбай, ал “качкын”, “кул” деген сыяктуу басмырлоолорго дуушар болгонун көрүүгө болот.

*Каңгырган эрдин шору экен,*

*Калкынан азган кор экен!*

*Кыйышкан эрдин шору экен,*
*Элдүүнүн баары эр экен.*
*Не деген кеби эм экен!*
*Элинен азган жигитке*
*Эртелеп өлүм эп экен.*
*Калктуунун баары эр экен,*
*Канча айтса дагы эм экен.*
*Калкынан азган шордууга*
*Кайтпаган өлүм эп экен* (“Манас”, Бириккен вариант, 2-китеп, 140-б).

Ошондой эле эмгекте айрым стилдик жана композициялык кемчиликтер да жок эмес. Тексттеги ой жүгүртүүлөр кээде өтө узун жана татаал берилгендиктен, негизги идеялар көмүскөдө калып, биринчи планга чыкпай калган. Экинчиден, фактылык материалдар өтө көп болгондуктан, айрым жерлерин жалпылоого туура келет.

Жалпысынан алганда, Алмамбеттин образы трагедиялуу, көп кырдуу жана философиялык терең каарман катары бааланып, каармандын мүнөзүн ачууда тарыхый-социалдык жана мифологиялык факторлорду айкалыштыра талдоо болгон.

“Каныкейдин кайраты” деген бөлүмдө жалгыздык темасы улантылып, Манас баатыр өткөн соң Каныкейдин тарткан азаптары, баланы, жаш Семетейди, өстүрүүдөгү чон сыноолорго туш келиши баяндалат. Каныкейдин образы көп кырдуу, абдан бышып жетилген типтүү образ болуп саналары белгиленет. М. Борбугулов Каныкейдин образын ачууда эпостогу трагедия, жалгыздык жана энелик милдет сыяктуу универсалдуу темаларды бириктирип илимий-теориялык контекстен карап баа берет. Мындагы негизги өзөк - Каныкейдин кайратка жана акылмандыкка эгедер экендигинде. Каныкей жөн гана Манас баатырдын жубайы эмес, элдин кыйынчылыгын, жүгүн көтөргөн, тарыхый жоопкерчиликти мойнуна алган каарман сыпатында сүрөттөлөт. Бөтөнчө Манас баатырдын өлүмүнөн кийинки кырдаалда Каныкейдин образы терең ачылып, анын энелик, саясий жана моралдык функциялары менен бирдикте сүрөттөлөт. Автор Каныкейди бул жагынан эпостогу эң татаал жана көп кырдуу образ катары баалайт. Ошондой эле эпосто Манастын өлүмүнүн сүрөттөлүшү дүйнөлүк эпикалык чыгармалар менен салыштырылып, жогорку деңгээлдеги жалпылоолор менен жыйынтыктаган. Мисалы, Илиада жана Махабхарата эпостору менен салыштыруу аркылуу кыргыз эпосундагы трагедиянын масштабы жогорку деңгээлде берилери айтылат. Жогорудагы салыштыруулар илимий жактан негиздүү жана «Манастын» көркөмдүк деңгээлин күчөтүп, поэтикасын арттырат. Ошондой эле автор Манастын өлүмүнөн кийин Каныкейдин образын тереңдеткен дагы бир көрүнүш Семетейдин тагдыры менен кыргыз элинин келечеги толугу менен Каныкейге жүктөлгөндүгү болчу. Автор бул жагдайды ичкериден терең талдап, Каныкейдин кайратын жөн гана бекем эмоциялык абалы эмес, коомдук-тарыхый зарылчылык болгонун туура байкайт. Жыйынтыгында Каныкей күчтүү энелик мээримге да эгедер, элдин жүгү менен акылмандыкка айкалыштырган мыкты образ катары сүрөттөп берет.

Жыйынтыктап айтканда, аталган бөлүм Каныкейдин образындагы трагедиялык-каармандык сапаттарды философиялык мааниде сыпаттаган мазмундуу илимий эмгек болуп

саналат. Демек, бул кыргыз эпикалык мурастарын талдоодо Каныкейдин образына жаңыча көз караштан баалоого өбөлгө түзүп, каармандын образын улуттук кыртышта гана эмес, дүйнөлүк адабияттагы маанилүү негизги каармандардын катарына кошууга негиз болуп берет. Ошол эле учурда автор эпостогу байыркы каада-салттарга, мифологиялык ишенимдерге, Каныкейдин кошокторундагы "эр менен бирге болуу" идеясынын тарыхый-этнографиялык негизин ачып берет.

Эпостун келип чыгышына башкы каармандын сүрөттөлүшүнө байланышкан, бир топ кызыктуу гипотезалар берилген. Белгилөөчү жагдай илимпоздун эпос тууралуу көз караштарынын тереңдиги, дүйнөлүк эпостордун фонунда же болбосо, дүйнөлүк эпостордун келип чыгуу мотивине байланыштырып салыштырма типологияда ой жүгүрткөндүгү менен баалуу. Жогорудагы ойду окумуштуу С. Байгазиев мындайча бышыктайт: «Манастын образынын структурасындагы байыркы элементтерди эпостун өзүнөн алынган мисалдардын жана Чыгыш менен Батыштын, Орто Азиянын кеңири археологиялык, этнографиялык, мифологиялык материалдарынын фонунда салыштырма планда деталдуу талдап, Манастын образын өзүнүн адепки «түйүлдүк» абалында элибиздин эң байыркы дүйнө түшүнүктөрү, ишенимдери менен тыгыз байланышта экендигин аргументүү ачып чыккан».

"Семетей, Сейтек: бир атадан аздыгым" деген аталыштагы бөлүмдө баатырдын мурасчысы Семетейдин бейнеси дүйнөлүк фольклордогу, адабияттагы мисалдар менен салыштырмалуу планда каралат. Маселен инди, грек мифологиясындагы, эпосторундагы кыргыз мифтерине, эпикалык чыгармачылыгына окшош, типтүү көрүнүштөрдүн жалпы адамзаттык мааниси бир башатка ээ экендиги белгиленет. «Семетей», «Сейтек» эпосторунун мазмунун тарыхый-социологиялык жана эстетикалык аспектиде жалпылап анализдегенге жетишкен десек болот. Мында эпикалык сюжеттер аркылуу кыргыз коомунун өнүгүү динамикасы, саясий алсырашы, уруулук бөлүнүшү жана баатырдык идеалдардын трансформациясы так интерпретацияланат (Асакеева, 2013).

**Натыйжалар менен талкуулоолор**

Эмгекте автордун негизги концепциясы эпостогу көркөм образдар жана сюжеттик курулуштар коомдук-тарыхый процесстердин символдук чагылдырылышы деген ойго барып такалат. Эпостун баштапкы бөлүмдөрүндө бирдиктүү, борбордошкон мамлекеттин образы эпостун кийинки бөлүктөрүндө ыдырап, анын ордуна уруулук ажырым, ички карама-каршылыктар жана бийлик үчүн күрөш үстөмдүк кылган маселеге алмашат. Айрыкча бул көрүнүш Семетейдин образынан айкын байкалат. Эпостогу Семетейдин «бир атадан аздыгы» жөн гана биографиялык факт эмес, коомдук жалгыздыкты, тактап айтканда, элдин биримдигинин ынтымагынын жоктугун символдоштуруп берет. Семетейдин кырк чоронун кырган эпизоду Мисал катары текстте келтирилгени өзгөчө мааниге ээ. Маселе баатырдын күч-кубатында эмес, анын ички драмасы алдыңкы планга чыккандыгы менен түшүндүрүүгө болот. Семетей өзүнүн жеке жеңишине кубанбастан, тескерисинче, «кымбатымды кырдым» деп күйүнөт. Эпостогу бул көрүнүш гуманисттик башталманын күчөшүн жана каармандын образынын психологиялык жактан тереңдешиенен кабар берет (Салимбаева, 2025, 13-б.).

Ошондой эле жалгыздык мотиви үчилтиктин негизги лейтмотивдеринин бири катарындагы эскертилип, атайын сөз болот. Баатырдын жетим өсүшү, жалгыз күрөшү, колдоочуларынын чыккынчылыгы - мунун баары жеке адамдын тагдыры аркылуу элдин тарыхый абалын жалпылап көрсөтүүнүн аракети болчу. Бул тенденция «Сейтек» эпосунда

дагы улантылып, каармандын жана анын айланасындагылардын трагедиясы жалпы элдин трагедиясы катары сүрөттөлөт.

Ал эми “Кубулуунун сыры” деген бөлүмдө эпостогу адам менен табияттын шайкештиги, байыркы адамдардын өзүн табияттан бөлүп карабаган ой жүгүртүүсү тууралуу иликтөө жүргүзүлүп, анда дүйнө элдеринин мифологиясынан мисалдар тартылат жана аларга типтеш мисалдар кыргыз эпосунан алып көрсөтүлөт. Тотемдик генеология мында башкы ролду ойнойт, каармандардын өз ата-тегин кайсы бир жаныбарлардан келип чыккан деп эсептөө байыркы элдерге мүнөздүү көрүнүш. Кыргыз эли да тегин бөрү, бугу жана башка жаныбарлар менен байланыштырып карашы тууралуу көөнө ишеним эпосто изин калтырган. Бул да болсо, биздин пикирибизче, автордун улуу эпосубузду жалпы адамзаттык көөнө маданияттын чордонунда караганында болуп эсептелет.

“Ак куунун учушу” деп аталган бөлүмдө “Манас” эпосундагы мифтик образдардын бири – Айчүрөктүн образынын өзгөчөлүгү тууралуу сөз болот. Окумуштуу мында Айчүрөктүн кош генеологияга ээ чыгыш тегин, андагы тотем жаныбар менен адамдын ортосундагы окшоштуктун бар экендигин байыркы адамдын туюсу камтылгандыгын баяндап келип, аталган каармандын жомоктук образын ачып берет: “Айчүрөктүн образы ак куу катарында кадимки реалдуу канаттуудан алыстатылып сүрөттөлсө, адам катарында, тескерисинче, реалдуу адамдын образына ошончолук жакындатылып сүрөттөлөт”(Борбугулов, 2004, 105-бет). Мындан байкалгандай, канаттуулардын арасындагы сулуу куш ак куу болсо, адамдын арасындагы сулуу аял Айчүрөк жомоктук-мифологиялык каарман катары кубулуу жөндөмүнө ээ болуп, эпостун калыптануусунун алгачкы стадияларында эле катышкан каарман экени билинип турат. Тышкы келбет менен бир катарда эле Айчүрөктун ички дүйнөсу да аруу, сулуу, ал керек учурда эрдик көрсөтүүгө жөндөмдүү. Анын бул сапаттары атасы Акун кандын шаарын коргоого, кийинчерээк уулу Сейтекти коргоого жасаган аракеттеринен көрүнөт. Сулуулук тууралуу элдик идеал эпосто Айчүрөк, Арууке сыяктуу ары сулуу, ары таза аялзатынын бейнесинде ишке ашырылгандыгы таамай белгиленет.

Эмгектин “Айкөл Манас – үч дүйнөнүн тоому” деген бөлүгүндө Манас баатыр эпостогу үч кабат дүйнөнү, жер түбү, жер үстү, көктеңир дүйнөсүн бириктирип турган дүйнөлүк дарак сымал өзөк, тоом экендиги белгиленет. Мында да эпостогу борбордук каарман дүйнөлүк классикалык оозеки көркөм сөз өнөрүнүн чыгармаларындагы типтүү образдар менен эриш-аркак салыштырууда кетип, эпостун жалпы адамзаттык маани-маңызына басым жасалат.

“Көлдө туулуп, желде өскөн” деген бөлүмдө кыргыз эпосундагы элдин бүйүрүн кызыткан эң кызыктуу тема – тулпарлар тууралуу сөз болот. Эпосто баатыр жөнүндө кеп кеткенде анын минген тулпары ошол замат оозго алынат. “Манастагы” Аккула, “Семетейдеги” Тайбуурул баатырлардын каармандык иштериндеги ажырагыс атрибут экендиги, алардын архаикалуулугу сүйлөөчү, кубулуучу белгилеринен, канаттуу болуусунан билинери белгиленет.

“Айбанат аскери. Өлүп көргөндөр” деген темадагы бөлүктө Манас баатырдын “мал аскери” менен инди эпосу “Рамаянадагы” Раманын айбанат аскери салыштырылып каралат жана алардагы окшоштук жана айырмачылык ачып көрсөтүлөт. “Манаста” Букардын каны Атемир кызы Санирабиганы кыргыздарга бергиси келбей, көп мал калың салат, Манас ал айткандан да көп мал менен барып, Букардын элин жүдөтөт. Ал эми Рама жеңишке жетүү

үчүн маймылдардан турган аскерди колдонот. Мында окумуштуу инди эпосунда адам менен табияттты олуттуу түрдө айырмалабай, кудай менен адамды патерланддык, табиятты антропоморфтук түрдө түшүнсө, "Манаста" бул мамиленин рационалисттик турдөгү кийинки деңгээли сакталганын көрсөтөт. Башкача айтканда, инди эпосунда маймылдарга адамдык сапат ыйгарылса, кыргыз эпосунда айбанаттар кадимки эле жаныбар түрүндө сыпатталат.

"Мезгил менен турмуш" деген бөлүмдө эпостогу баласыздык, баатырдын укмуштуу туулушу, эрдиктин идеалдарынын берилиши тууралуу баяндалса, "Эпос жана тарых" деген бөлүктө тарыхый окуялардын эпосто чагылышы, дегеле эпостун тутумунда камтылган тарыхый маалыматтар жөнүндө сөз болот. "Так ушундай активдүү, ургаалдуу чыгармачылык процесстин натыйжасында гана элдин жоокерчилик жана тынчтык турмушун көрсөтүүдө эпосубуздагы бүгүнкү ар тараптуулук, масштабдуулук, чыныгы эпикалык кеңдик; куйма алтын сыяктуу бүтүн жана көз кайкыткан монументалдуу, идеалдуу каарман – Манастын образы жаралды", - деп жыйынтык чыгарылат (Борбугулов, 2004, 156-бет).

**Жыйынтык**

М. Борбугуловдун «Манас» эпосу боюнча илимий изилдөөсүнүн бөтөнчөлүгү, ынанымдуу далилдери, жыйынтыктуу концепциясы өз мезгилинде белгилүү окумуштуулардын көңүлүн буруп ага байланышкан жакшы пикирлер басма сөз беттеринде да жарыялангандыгы белгилүү. Маселен белгилүү адабиятчы С.Байгазиев: «М.Борбугуловдун почерки, чыгармачылык жүзү жалпы хордон ар дайым аттын кашкасындай бөлүнүп турат. Маселен, анын 80-жылдарда жазган «Манас» эпосунун байыркы башаттары» бир эле илимий макаласын карап көрүңүзчү. М. Борбугулов «Манас» изилдөөчү эмес, бирок окумуштуу аталган макаласында атайын адистешкен манастаануучулардан да ашып түшүп, улуу эпостун байыркы башаттары жөнүндө жаңыча көз караштарга, далилдүү ой жүгүртүүлөргө, кызыктуу гипотезаларга бай фундаменталдуу мүнөздөгү олуттуу эмгекти жаратып таштаган»( Эркин-Тоо, 2002, 10-апрель), - деген калыс, сезимтал бааны берет. Демек, бул пикир манастаануу илиминдеги дагы бир жаңы сөз экендигин далилдеген пикир болчу. Сөз болуп жаткан темага батынып иш баштоонун өзү опурталдуу. Себеби башынан жазуусу болбогон, болгондун баарын тарых кылып кагазга түшүрүп жүрүүнү адат кылбаган кыргыз эпосунун келип чыгыш жайын таап, изилдөө үчүн, терең теориялык билим, күчтүү илимий ой жүгүртүү, жыйынтыктуу концепцияны талап кылаары айтпасак да белгилүү.

Чындыгында манастаануучулардын ичинен эпостун архаикалык түшүнүктөрү жөнүндө да түрдүү пикир, түрдүү көз караштын бар экендиги белгилүү. Бул макала М.Борбугуловдун эпос тууралуу өздүк концепциясына карата берилген чакан комментарий болду. Бул маселе жөнүндө айтылчуу ойлор али алдыда деп ойлойбуз.

Ошентип, окумуштуу М. Борбугулов «Манас» эпосунун генезисине байланышкан илимий макалаларында, монографиясында фольклористика илиминдеги белдүү окумуштуу П.Н. Берковдун «Алтай эпосу жана «Манас» аттуу эмгегиндеги «Манастын» мифологиялык түпкү теги жөнүндөгү оюн тереңдетип, Чыгыштын, Батыштын, Орто Азиянын археологиялык, мифологиялык, этнографиялык материалдарынын фонунда салыштырма планда деталдуу талдаган. Аталган эмгектеги М. Борбугуловдун көз карашы эпостогу поэтикалык образдарды байыркы мифологиялык дүйнөтаанным менен байланышта

чечмелөөгө багытталганын белгилөөгө болот. Бул ыкма эпостун тарыхый жана маданий катмарларын тереңден түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле учурда айрым жоромолдор толук далилденбегендиктен, аларды шарттуу гипотеза катары кабыл алганыбыз туура болот. Ошентсе да мындай изилдөөлөр “Манас” эпосунун байыркы катмарларын ачып көрсөтүүгө жана анын дүйнөлүк эпикалык мурастардын контекстинен карооо түшүнүүгө чоң салым кошот. Жыйынтыктап айтканда, текст эпикалык чыгармалардын генезисин, мифологиялык негизин жана тарыхый эволюциясын түшүндүрүүдө маанилүү илимий пикирди сунуштайт. Ал кыргыз эпосунун калыптаныш процессин тереңирээк андап билүүгө өбөлгө түзөт жана фольклористика илимине олуттуу салым катары бааланат.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Абдиева, Ж.К., Төлөгөнова, Ж. (2023). “Манас” эпосунун изилдениш тарыхынан. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы*, (2), 107–114. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_13
2. Асакеева, Д.Ж. (2013). *Адабият теориясы*. Бишкек: Газета KG.
3. Байгазиев, С. (2002). Жалпы хордон бөлүнгөн, өз жүзү менен көрүнгөн. *Эркин-Тоо гезити*, 10-апрель.
4. Байгазиев, С. (2014). *«Манас» эпосунун руханий, адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асылнарктары.* Бишкек: Алтын Тамга.
5. Борбугулов, М. (2004). *«Манас» эпосу: башаттары, эволюциясы.* Бишкек.
6. *Кыргыз адабият таануу илими жана сыны.* (2005). 2 томдук илимий басылма. Т. 1. Бишкек: Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору.
7. Разак уулу, Д. (2025). Башкыр окумуштуусу Абдулкадир Инандын изилдөөлөрүндө «Манас» эпосу жана анын Түркияда таанытылышы. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология*, (2(6), 1–15. https://doi.org/10.52754/16948874_2025_2(6)_1
8. Салимбаева, Б. (2025). «Манас» эпосундагы элдик тарбия аркылуу окуучулардын чынчылдык, жоопкерчиликтүүлүк жөндөмүн калыптандыруу. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы,* 1(1), бб. 10-16. https://doi.org/10.65469/eijournal.2025.1.2